Бекитемин

№17 С.Далбаев атындагы гимназия

мектебинин директору:

_____________ Омурзакова Д.

**Мугалимдин кызматтык милдети.**

**Кызматтык милдети.**

- Мамлекеттик билим берүүнүн стандартынын талаптарына ылайык окуучуларга билим берүү;

- Окуучулардын өз алдынча ишин уюштуруу жана көзөмөлдөө;

- Сабакта окутуунун эффективдүү формаларын, ыкмаларын жана жаңы технологияларды колдонуу;

- Окуучулардын профессионалдык көндүмдөрүн калыптандыруу, алган билимдерин турмушта колдонууга даярдоо, билим берүүдөгү жаңы программаларды иштеп чыгууга катышуу, аларды окуу планын жана окуу процесинин графиги негизинде толук ишке ашыруу, бүтүрүүчүлөрдү сапаттуу даярдоо;

- Окуучулардын укугун жана эркиндигин сактоо;

- Окутуунун тартибин сактоо, сабактарга катышууну көзөмөлдөө;

- Окуу программасын аткарылышын камсыздоо, окуу процесинде эмгек коопсуздугунун талаптарын сактоо;

- Тарбиялык иштерди уюштуруу.

**Мугалимдин укугу:**

- Мектептин окуу процессин жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизүү;

- Алдыңкы иш тажрыйбаны публикациялоого сунуштоо;

- Өзүнүн профессионалдык квалификациясын өркүндөтүү;

- Өзүнүн профессионалдык намысын коргоо;

- Өзүнүн ишине тиешелүү арыздар жана иш кагаздар менен таанышууга жана түшүнүк берүүгө;

- профессионалдык этиканын ченемдеринин бузулуусуна байланыштуу, дисциплинардык изилдөөлөрдө өз кызыкчылыгын жекече же өз ишенимдүү адамы, адвокаты аркылуу коргоо;

- Мыйзамда көрсөтүлгөн беренелерден тышкары, дисциплинардык изилдөөлөрдө конфиденциялыкты сактоого;

- Өз билимин өркүндөтүүгө;

- Квалификациясын жогорулатуу үчүн аттестациялоого катышууга, тиешелүү категорияна алууга;

- Мектептин талабына ылайык окуучуларга сабак учурунда жана танапис убагында тиешелүү көрсөтмөлөрдү берүүгө, тартип бузгандыгы үчүн диципилинардык жоопкерчилике тартууга, жакшы көрсөткүчтөрү үчүн сыйлоого;

**Мугалим билүүгө милдеттүү:**

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана символикаларын ;

- Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарын;

- Кыргыз Республикасынын Жарлыктарын;

- Кыргыз Республикасынын жана мамлекеттик уюмдарынын билим, тарбия, балдардын жана өспүрүмдөрдүн укугун коргоо тууралуу токтомдорун жана чечимдерин;

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлигинин нормативдик иш кагаздарын, педагогиканы, педагогикалык психологияны, социологиянын негиздерин жана дарылоочу педагогиканы, гигиенаны, дүйнөлүк жана Ата мекендик педагогикалык илимди жана практиканы , башкаруунун психологиясын, билим берүү экономикасын, каржылоо маселелерин, эмгекти коргоонунэрежелерин жана нормаларын;

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндөгү мыйзамдарын;

- Кыргыз Республикасынын " Билим берүү бардыгы үчүн" мыйзамдарын;

- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексин;

- Мамлекеттик институттардын жана коомдук уюмдардын окуучуларды окутуу жана тарбиялоо багытындагы функциялары жана укуктары;

- Балдардын укуктарынын Ковенциясын;